**УДК: 333**

***Ниязбеков Т., Дүйшеналиева Э.***
*Ниязбеков Талант – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Дүйшеналиева Элина – аспирант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ТУРИСТТИК КЛАСТЕРДИ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН КОНЦЕПЦИЯСЫ

# КОНЦЕПЦИЯ СФОРМИРОВАНИЯ ТУРИСТИЧЕСКОГО КЛАСТЕРА

# THE CONCEPT OF FORMATION OF A TOURIST CLUSTER

***Аннотация.*** *Бул макалада кластердик технологияларды колдонуу менен айыл жергесинде туризмди өнүктүрүүнүн келечеги берилген. Туризмдин айрым түрлөрү, аларды өнүктүрүүнүн шарттары, көйгөйлөрү, милдеттери, аларды чечүүнүн жолдору көрсөтүлгөн.*

***Аннотация.*** *В данной статье представлены перспективы развития туризма в сельских районах, с применением кластерных технологий. Показаны отдельные виды туризма, условия для их развития, проблемы, задачи, пути их решения.*

***Abstract.*** *This article presents the prospects of tourism development in rural areas, using cluster technologies. Some types of tourism, conditions for their development, problems, tasks, ways and solutions are shown.*

***Негизги сөздөр:*** *айылдык туризми, агротуризм, окуя туризми, гастрономиялык туризм, экологиялык туризм, маданий-этнографиялык туризм.*

***Ключевые слова:*** *сельський туризм, агротуризм, событийный туризм, гастрономический туризм, экологический туризм, культурно-этнографический туризм.*

***Key words:*** *rural tourism, agrotourism, event tourism, gastronomic tourism, ecological tourism, cultural and ethnographic tourism.*

Айыл туризмин комплекстүү туристтик өнүмдү түзүү, илгерилетүү жана ишке ашыруу үчүн айыл жергесинин жаратылыштык, маданий-тарыхый жана башка ресурстарын жана анын спецификасын колдонууга багытталган туристтик тармактын сектору катары аныктоого болот. Жайгаштыруу каражаттарынын айыл жергесинде жайгашуусу милдеттүү шарт болуп саналат [1].

Айыл туризми биздин өлкөбүздө олуттуу келечекке ээ. Акыркы жылдарда бизде, бүткүл дүйнөдөгүдөй сыяктуу эле, туристтик агымдарды тышкы туризмден ички туризмге кайра багыттоо тенденциясы байкалууда, Кыргызстандын ар кыл региондорунда жана жаратылыш зоналарында эс алууга кызыгуу өсүүдө. Жалал-Абад, Ысык-Көл ж.б. сыяктуу өнүккөн курорттук зоналардагы курчап турган чөйрөгө жүктөмдү азайтуу, ушундан улам жаңы туристтик зоналарды издөө зарылдыгы менен байланышкан экологиялык фактор улам көбүрөөк мааниге ээ болуп барат.

Айыл туризми туристтик бизнестин башка түрлөрүнө салыштырмалуу бүтүндөй бир катар артыкчылыктарга ээ:

- Турбизнестин эң үнөмдүү түрлөрүнүн бири болуп саналат;
- Туристтер үчүн өтө жагымдуу, ыңгайлуу жагдай түзүүгө мүмкүндүк берет (турист кардар эмес, мейман);
- Инвестициялардын толук коопсуздугун камсыз кылат;
- Өздүк чарбага инвестициялар турөнүмдүн эң жок дегенде материалдык-техникалык бөлүгүн түзүүдө сапатты кепилдейт;
- Сабаттуу уюштурулган учурда «баа-сапаттын» жакшы көрсөткүчтүн камсыз кылат, б.а. атаандаштыкка жөндөмдүү бааларды кармап турууга мүмкүндүк берет **[18; 25].**

Социалдык планда айыл туризми чарбалык ишмердиктин бир түрү катары айыл жергесинин жашоочуларын ынтымакташтыруунун фактору болуп калууда, анткени сапаттуу жана комплекстүү турөнүмдү түзүү үчүн кошуналардын кызматташуусуна табигый керектөө жаралат; улуттук элеттин мүнөздүү келбетин, салттуу кол өнөрчүлүктү, маданий-тиричиликтик салттарды кайра жаратат, сактайт, популярлаштырат; айыл калкын жумуш менен камсыз кылат, ушунун өзү менен айыл жергесинен көчүп кетүүлөрдүн жана айылдын деградациясынын алдын алат; туристтик ишмердиктин келечектүү, жаңы өзгөчө багыты болуп саналат; айылдын, райондун, региондун өнүгүшүнө, элет жериндеги жашоонун деңгээлин жана сапатын жогорулатууга, жергиликтүү бюджеттердин толушуна көмөктөшөт; элет аймагынын базасындагы жергиликтүү экономиканын динамикалуу жана жогорку кирешелүү секторунун калыптанышына өбөлгө түзөт.

Бүгүнкү күндө айыл туризминин конок үйлөрү, гастрономиялык туризм, дарылоо-чыңдоо туризми, агротуризм, окуялык туризм, экологиялык туризм, (экотуризм, жашыл туризм), кол өнөрчүлүк туризми, маданий-этнографиялык туризм ж.б. сыяктуу түрлөрү көбүрөөк өнүккөн.

Мисалы, айыл жергесинде жайгашкан конок үйлөрү көп учурда иштеп жаткан жеке көмөкчү чарбанын жана дыйкандык-фермерлик чарбанын базасында жаралат. Эс алуучунун үйдү каалаган ыңгайлуу мөөнөткө ижаралоого жана тынчтыктан, жаратылыш менен баарлашуудан ырахат алууга мүмкүнчүлүгү бар. Айылдагы үйдө эс алуу – шаардык адам үчүн дайыма өзгөчө бир нерсе. Айылда эс алуунун мындай түрүнө көп учурда дем алыш күндөрдө алыс жакка кетүүнү, ызы-чуудан жана түйшүктөн эс алууну, жаңы иш жуманын алдында кубатын калыбына келтирүүнү каалаган чоң шаарлардын жашоочулары көңүл бурушат. Кээ бирде кичинекей балдары бар энелер үйдү жай мезгилине кубануу менен ижаралашат. Интернеттин өнүккөн доорунда аралыктан иштеген адамдар тарабынан да суроо-талап жаралат [1].

Туризмдин гастрономиялык түрү улуттук ашкана жана суусундуктар менен тааныштырат. Башка өлкөлөргө турлар өзгөчө суроо-талапка ээ. Бул жагдай башка өлкөнүн ашканасы көбүрөөк экзотикалуу, ал жараткан таасирлер көбүрөөк күтүлбөгөн болушу менен шартталган. Эс алуунун мындай түрү сезондуулук түшүнүгүн четке кагат, анткени таң каларлык ашканадан ырахат алуу үчүн жакшы аба ырайы зарыл эмес. Гастрономиялык туризм, улуттук ашканага басым кылса да, гастрономияны гана

эмес, жашап турууну, атактуу жерлер жана улуттук маданият менен таанышууну да камтыйт [1].

Дарылоо-чыңдоо туризми – байыркы мезгилден бери белгилүү медициналык туристтик багыт. Бүгүнкү күндө бул чыңдоочу процедуралардын ар кыл түрлөрүнө негизделген өзүнчө курорттук индустрия. Адатта буга минералдык суу ванналары, ылай аппликациялары, укалоо, ароматерапия жана башка дарылоо процедуралары кирет.

Агротуризм айылда эс алуунун айыл чарба өндүрүшүнө колунан келишинче катышууну камтыган түрү болуп саналат. Бул түрдүн өзгөчөлүгү болуп саякатчы айыл жергесине, фермага волонтёр-жардамчы катары келиши, мунун ордуна ал турак жайды, тамак-ашты жана кандайдыр-бир жумушка үйрөтүүнү алышы эсептелет. Адатта, тигил же бул фермадагы жумуштун өзгөчөлүгүнө жараша шарттары ар кандай болот. Агротуризм көп учурда айыл туризминин бир нече түрүн дароо камтыйт, бул аны өзгөчө жагымдуу кылат. Азыркы учурда дүйнөнүн каалаган жеринен өзүң үчүн кызыктуу долбоорду табууга мүмкүндүк берүүчү интернет-ресурстар көп. Туризмдин мындай түрү өзгөчө бюджеттик (арзан) катары саналат, ошондуктан ал европалык фермаларга барууну жактырган биздин мекендештерибиздин арасында өтө популярдуу [1].

Окуялык туризм – фестивалдардын же майрамдардын тегерегинде турларды калыптандыруу менен мүнөздөлгөн туризм багыты. Бул эл аралык же регионалдык маанидеги иш-чаралар болушу мүмкүн. Спорттук мелдештер, тарыхый реконструкциялар, концерттер, гастрономиялык фестивалдар, жармаңкелер болушу ыктымал. Башкысы, окуя өзгөчө болууга, өзүнө көп сандаган адамдарды тартууга тийиш.

Экологиялык туризм (экотуризм, жашыл туризм) акыркы мезгилде популярдуу болуп барат жана анын башкы максаты болуп жаратылышка терс таасирди кыскартуу жана адамдардын экологиялык сабатын жогорулатуу саналат. Саякаттардын бул түрү турдун уюштуруучуларынан өз программасын адамдын кандай экологиялык из калтыра турганын эсепке алуу менен ойлонуп чыгууну талап кылат. Анан бул из, албетте, жагымдуу болууга тийиш. Программага илимий-изилдөөчүлүк экспедициялар, адамдын колу тийбеген жапайы жерлерге баруу, жөө жүрүү маршруттарында жаңы чыйырларды салуу, дарак отургузуу, коруктарды таштандыдан тазалоо, фотоаңчылык, жөө, велосипедчен, атчан сейилдөө, чатырларда же экоүйлөрдө жашоо, альпинизм жана дарыя менен кайыкта түшүү, тоого жүрүштөр жана башка көптөгөн нерселер киргизилиши мүмкүн. Экотуризмдин идеялары волонтёрлорлук долбоорлордун базасында ишке ашырылышы мүмкүн. Бул жагдай жашыл туризмди көптөгөн адамдар үчүн жеткиликтүү кылат [2; 103].

Кол өнөрчүлүк туризми туристтерге байыркы элдик өндүрүштөр жөнүндө жаңы билимдерди алууга мүмкүндүк берет. Туристтер үчүн элдин өзүнчөлүгүн жана улуттук колоритти көрүүгө жана сезүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Айылда балдар менен чогуу эс алууга өтө жакшы ылайык келет, анткени өсүп келе жаткан муунду ата-бабаларыбыздын салттары менен тааныштыруу өзгөчө маанилүү. Коомчулуктун салттуу кол өнөрчүлүккө көңүл буруусу байыркы технологияларды жана элдик чеберчиликтин көркөм салттарын кайра жаратууга көмөктөшөт.

Маданий-этнографиялык туризм бул аймакта азыр жашап жаткан же качандыр-бир убакта жашаган этностун маданиятына сүңгүп кирүүгө мүмкүндүк берет. Улуттук салттар, тил, архитектура, кол өнөрчүлүк, рухий ишенимдер иликтөө объектилери болушу мүмкүн.

Бүгүнкү күндө Нарын облусунда элет аймактарынын зор потенциалы бар жана туризм, өзгөчө айыл жергесинде кошумча жумуш оруңдарын түзүп жана калктын байгерчилигин жогорулатып, социалдык көйгөйлөрдү чечүүдө маанилүү роль ойнойт. Нарын облусунун курамына 5 район (Ак-Талаа району, Ат-Башы району, Жумгал району, Кочкор району, Нарын району), бир облустук маанидеги шаар – Нарын шаары, 63 айыл аймагы жана 135 айылдык калктуу пункт кирет. Калкы 289,6 миң кишини түзөт [6].

Нарын облусу жогорку туристтик потенциалга ээ, анын аймагында уникалдуу жаратылыштык ресурстардын кеңири спектри, улуттук, маданий жана тарыхый мурастын объектилери топтолгон. Региондо өткөн жылы Нарын туристтик ассоциациясы (НТА) түзүлгөн жана кышкы, тоолук жана экотуризмди өнүктүрүүгө багытталган туризмди өнүктүрүүнүн 5 жылдык стратегиялык планы иштелип чыккан. Региондун жагымдуулугун ачып берүү максатында, Борбордук Азия Университетинин колдоосу менен Нарын облусунун эң кооз жерлери жөнүндө эл аралык сапаттагы видеоролик тартылган. 2022-жылы Нарын шаарында туристтик маалымат борборун ачуу жана бул ишти келечекте облустун бардык райондук борборлоруна жайылтуу пландалган. Ошондой эле региондун ар кыл бурчтарында чет өлкөлүк туристтердин жашап туруусу үчүн бардык заманбап шарттары бар кемпингдерди уюштуруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө, ал эми тейлөөнүн жогорку сервиси жана максималдуу ыңгайлуулук туризмди өнүктүрүүдөгү башкы маселе болуп саналат. Нарын облусунда бир жолу болуп кеткен ар бир

турист бул жакка көп жолу кайтып келүүнү каалашы керек. Мамлекет тарабынан да туризмди өнүктүрүүгө чоң көңүл бурулууда, 2022-жылы мамлекет туризмди өнүктүрүүгө бюджеттен 1 млрд сом бөлөт. Жыл өткөн сайын Нарын облусуна келген туристтердин саны өсүүдө. Мисалы, 2018-жылдан 2022-жылга чейин Нарын облусуна 130 миңге чукул турист келип кеткен. 1-жадыбалда туристтердин бул жылдар ичиндеги динамикасы көрсөтүлгөн [6].

1-жадыбал. Нарын облусуна 2018-2022-жылдары келип кеткен туристтердин саны

| | 2018-ж. | 2019-ж. | 2020-ж. | 2021-ж. | 2022-ж |
|---|---|---|---|---|---|
| Нарын облусу | 35109 | 35546 | 1869 | 21803 | 34466 |
| Ак-Талаа району | 5045 | 4919 | 229 | 598 | 2377 |
| Ат-Башы району | 9955 | 10223 | 187 | 4421 | 8878 |
| Жумгал району | 1932 | 2111 | 188 | 836 | 1689 |
| Кочкор району | 3286 | 3523 | 95 | 239 | 1431 |
| Нарын району | 10452 | 10661 | 450 | 13347 | 16812 |
| Нарын шаары | 4439 | 4909 | 711 | 2362 | 3279 |

2020-жылы коронавирустук инфекцияга байланышкан пандемия өлкөлөрдүн чегинен чыгууга жана кирүүгө салынган тыюулардан улам туристтердин санынын төмөн түшүүсүнө алып келген [6].

Салттуу түрдө, региондогу туризмдин негизги багыттары болуп маданий-таанып-билүүчүлүк (51%) жана курорттук-рекреациялык (29%) туризм саналат. Акыркы жылдарда экологиялык жана окуялык туризмдер өнүгө баштады, алардын үлүшүнө турлардын 18%ы жана 2%ы тиешелүү түрдө туура келет. Региондо туризмдин салттуу эмес, альтернативдик багыттарын өнүктүрүү региондун уникалдуу тоолуу рельефи менен шартталган – тоо чокулары, мөңгүлөр, үңкүрлөр, көлдөр, дарыялар альпинизмди, тоо лыжа туризмин, рафтингди өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзөт, ал эми жергиликтүү тоолордун ден соолук чыңдоочу касиети өзгөчө – Нарын региону бийик тоолуу ден соолук чыңдоо жергеси катары эсептелүүгө укуктуу [2; 4].

Бул маалыматтар жалпысынан облустун туристтик потенциалы бир катар чектөөчү факторлордон жана көйгөйлөрдөн улам толук өлчөмдө колдонулбай жатканын көрсөтөт.

Бүгүнкү күндө региондогу туристтик тармактын өнүгүшүндөгү негизги көйгөйлөр төмөнкүлөр:

Тармакты башкаруудагы көйгөйлөр. Туризм тармагынын динамикалуу өнүгүүсүнө тоскоолдук жаратып келаткан көйгөйлөрдүн бири бул – тармакты башкаруу системасынын вертикалы жана горизонталы ирээттелген эместиги. Туризм тармагындагы мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө жооптуу мамлекеттик орган болуп туризм департаменти эсептелет. Чакан эмгек жамааты жана өтө чектелүү бюджети менен ар кайсы министрликтердин алдында болуп, бирок көбүнчө маданият министрлигининин курамында иштеп келет. Кошулган министрлигине жараша аткарган иш чаралары да өзгөчөлөнүп турат. Мисалы, маданият министрлигине кошулганы бир жолку иш чараларынын саны көбөйө баштаганын байкоого болот. Бирок туризм департаментинин аймактардагы кызматкерлери жок. Туризм менен иш алып баруу облус деңгээлинде ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратындагы бир кызматкерге жана райондук деңгээлде райадминистрациянын бир кызматкерине кошумча жүктөлгөн. Алар туризмден башка дагы бир нече тармактарга жооптуу болушкандыктан туризм менен толук кандуу иш алып барууга убактылары жетишпейт. Ошондой эле бул кызматкерлердин туризм боюнча билимин жогорулатуу талап кылынат. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде туризм тармагын өнүктүрүүгө функционалдык жактан эч ким милдеттүү эмес жана адамдык фактордон гана көз каранды бойдон калууда. Б.а. айтканда жетекчи туризм тармагын терең түшүнүп, келечегин көрө билип, кызыгуусу болсо акырындык менен иш аракеттер жүргүзүлө баштайт. Бирок мындай көрүнүштөр абдан сейрек кездешет. Жок дегенде жергиликтүү ишкерлердин аракетин колдоп, жергиликтүү кеңештин депутаттары менен биргеликте жергиликтүү бюджеттен каражат бөлүп, зарыл болгон жерлерге көпүрөлөрдү куруп, жолду түздөп, тургундар арасында турист тосуу бизнеси менен алектенүүгө үндөгөн агартуучулук иштерин да аткарышпайт. Анткени айыл өкмөттөн жогорку инстанциядагылар үчүн туризм приоритеттүү багыт катары эсептелбейт.

Андыктан ушул мезгилге чейин туризм тармагы жеке сектордун аракети жана каражаты менен гана өнүгүп келет. Бирок жеке сектордогу көйгөй катары туризм тармагындагы эмгектенген ишкерлер ассоциацияга биригип аракеттенишпестен ар ким өз алдынча талпынып, ар ким өз арбайын согуп келатканын белгилесе болот. Анткени бирин бири атаандаштын гана ролунда көрүп, бирок өнөктөш катары карым катнаш кылгандары чанда гана кездешет. Айрым бир көпчүлүккө тиешелүү маселелердин чечилиши биргелешүүнү жана чогуу аракеттенүүнү талап кылат. Ошондуктан турбизнестегилердин бирдиктүү жана коммерциялык эмес багытта иш алып барган ассоциацияга биригүүсү учур талабы. Мына ушул ассоциация гана мамлекеттик, миницпалдык органдар жана туристтик компаниялар кылбаган же

кылганга болбогон көптөгөн иштерди алып барат, аткарат жана тараптардын ортосундагы көпүрөнүн ролун ойнойт. Бирдиктүү ассоциациянын жоктугунан нарын облусуна келген туристтердин негизги бөлүгүн Бишкек шаарында жайгашкан фирмалар алып келишет. Ошого байланыштуу нарын облусундагы туристтерге кызмат көрсөтүп иштегендер көмүскө рынокко иштешет, башкача айтканда, акчаны азыраак табышат. Ошондой эле жергиликтүү бюджетке толук кандуу салык алынбайт.

Туризм тармагын башкаруу толук кандуу иштебегендиктен келген туристтер боюнча так статистикалык маалымат алуу, туристтердин муктаждыктарын аныктоо жана туризм тармагындагы көйгөйлөрдү анализдөө так болбой келет. Ошондой эле туристтер көп келген аймактарда экологиялык көзөмөл жасалбайт. Экологиялык абал Соң-Көлдө жана Көл-Тетириде (Кел-Суу) оор бойдон калууда. Соң-Көлдө ар кимиси каалаган жеринен жол чыгарып алган, жээктин кыртышы тепселенип, чаң чыгып калгант. Чогулган таштандыларды чыгарып кетүү милдети эч бир тарапка милдеттендирилбегендиктен жайы бою жагымсыз көрүнүш жаратып жата берет. Ошондой эле көл жээгиндеги балыр баскан аянттар улам-улам чоңоюп барат. Тезинен чара көрүлбөсө жакынкы жылдары турист тосконго жарабай калышы толук мүмкүн. Ал эми Көл-Тетиринин (Көл-Суу) жээгине чейин жол тандабас машиналар барып жээгин жана жээгине жакын жайгашкан саздак аймакты тебелеп жатышат.

**Каржылык көйгөйлөр.** Туризмден чоң киреше тапкан өлкөлөрдүн тажрыйбасын карасак дээрлик бардыгында мамлекеттик бюджеттен узак жылдар бою чоң көлөмдөгү субсидиялар бөлүнүп келген. Анткени жеке сектордун акча каражатына гана таянып туризм тармагын тез өнүктүрүү мүмкүн эмес экендигин экономикалык принциптер далилдеп бере алат. Ал эми биздин 30 жылдык эгемендүү тарыхыбызда мамлекеттик, жергиликтүү бюджеттерден жана донор уюмдардан туризм тармагын өнүктүрүүгө, инфраструктуралык жана сервистик базаны жакшыртууга багытталган каражаттар тилекке каршы болгон эмес. Ошондой эле мамлекеттик жана жеке менчик банктарда туризм тармагы тобокелдүү деп эсептелип келгендиктен, туризм тармагына кредит берилбейт. Ошол эле учурда туристтер кызыккан ажайып кооз жерлерибизге туристтер үчүн жагымдуу шарттарды түзөбүз десек жок эле дегенде ысык суусу, дааратканасы бар жасалгалуу боз үйдөн 3 же 5 ти коюшубуз керек. Ар биринин орточо баасы 500 000 сомдон болгондо эле, жалпы 2,5 же 3 млн сом талап кылынат. Мындай өлчөмдөгү каражат карапайым айыл тургундарында жок экендигин баарыбыз жакшы түшүнөбүз. Ошондуктан туризм тармагынын жок дегенде инфраструктуралык жана сервистик абалын жакшыртуу үчүн атайын туризм тармагына каржы берген өнүктүрүү фонддорун түзүү учур талабы. Жумшалган каражаттар сөзсүз акталат, бирок узак убакытта. Анткени бизде туристтик сезон абдан кыска. Жеке сектордун акча каражаттарын тартуу үчүн жигердүү маалыматтык жана окутуу кампанияларын жүргүзүү абзел. Бирок ал дагы өзүнчө каражатты талап кылат.

Инфраструктуралык көйгөйлөр. Чет элдик туристтер кызыгып келген ажайып кооз жерлер негизинен ортоңку жана алыскы жайлоолордо. Дээрлик бардыгына барууда жол көйгөйү жаралат. Анткени жылдап ремонттолбойт, жаан жеп кеткен жерлери убагында түздөлбөйт. Ал жолдорду кароо айыл өкмөттөрдүн милдети, т.а. жайыт комитеттердин милдети. Жолду эксплуатациялоо башкармалыгына карабайт. Жолдор менен катар көпчүлүк жерлерде көпүрөлөр жана дааратканалар жок. Аларды орнотуу конкреттүү эч бир тараптын милдетине кирбейт. Жергиликтүү бюджетте ар дайым каражат тартыш, же болсо дагы алар жергиликтүү депутаттардын көз карашында приоритеттүү маселелердин катарына кирбейт. Ошондой эле инфраструктуралык көйгөйлөрдүн катарына жол көрсөткүчтөрдүн жоктугу жана мобилдик телефон тартпаган аймактардын көп болуусу да кирет.

Коопсуздук, сервис жана стандарттар. Туристтерге багытталган кызматтардын бардыгы төмөн деңгээлде, бир стандартка ылайыкташтырылып, ирээтке салынган эмес. натыйжада ар кимдики ар кандай, мүмкүнчүлүгүнө жана түшүнүгүнө жараша уюштурулган боюнча келатабыз. Атайын окуулар, тажрыйба алмашуулар жана жок дегенде облус деңгээлинде иштелип чыгып бекитилген минималдуу стандарттар жок. Кызмат көрсөткөн тараптардын кызматынын сапатын текшерген бир дагы уюм же орган жок. Туристтик кичи базалар жоктугунан келген туристтер туш келген жерге эле чатырын тигип алып түнөгөнгө туура келет. Душу, ыңгайлуу дааратканасы, сувенирдик дүкөнү менен сервистик борборлор дээрлик жок. Демек туристтердин коопсуздугу да ылдыйкы деңгээлде десе болот. Албетте мындай көрүнүш келчү туристтердин санын көбөйтүүгө жана бай туристтердин келишине тоскоолдук жаратат. Сезондо гиддер жетишпейт, жана жаңы гиддерди окутуп даярдап, сертификат берген окуу курстарын эч ким өткөрбөйт. Нарын облусу боюнча гиддердин бирдиктүү базасы жок. Ошондуктан кесиптик техникалык лицейлердин жана нарын мамлекеттик университетинин базасында «Гиддердин мектеби» окуу курсун уюштуруу жана окуу класстарды керектүү көрсөтмө куралдар менен жабдуу учур талабы. Ошондой эле гиддер менен камсыздануунун туруктуу кылуу максатында гиддерди эмгек келишимдери менен жумушка алуу жана алардын потенциалын жогорулатып туруу максатында башка мамлекеттерге тажрыйба алмашууга жиберип туруу сунушталат [1].

Маалымат жана жарнама. Облус боюнча 60 тай туристтик компаниялар болсо ар кимиси өз кызматын же туристтик маршруттарын өз алдынча ар кайсы сайттарга жана соцтармактардагы баракчаларга жарыя кылуу менен туристтерди тартуу аракетин көрүп келишет. Албетте мындай жол, мындай ыкма түшүнгөн кишиге жогорку эффективдүү эмес. Облус боюнча бардык кызматтар жана туристтик маршруттар жайгаштырылган, чет элдик туристтерге жеткиликтүү жана ыңгайлуу сайт жок. Туристтик мобилдик карталар жана нарын облусунун туристтик бренди иштелип чыга элек.

Түзүлгөн кырдаалда региондогу туризмди өнүктүрүүнүн *максаттары* болуп төмөнкүлөр саналат:

1. Региондун туристтик потенциалын өстүрүү жана диверсификациялоо, б.а. туристтердин талаптарын жана керектөөлөрүн толук кандуу канааттандыруучу, атаандаштыкка жөндөмдүү туристтик тармакты өнүктүрүү үчүн базалык шарттарды түзүү.

2. Туристтердин агымын чоңойтуу жана, натыйжада, региондун туристтик ишмердиктен түшкөн кирешелерин чоңойтуу.

Коюлган максаттарга жетүү үчүн бул тармакты өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй артыкчылыктуу *маселелерин* чечүү зарыл:

- туризмдин маданий-таанып-билүүчүлүк жана курорттук-рекреациялык багыттарынын потенциалын өстүрүү;
- туризмдин альтернативдик багыттарын: экологиялык жана окуялык багыттарды калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- региондун туристтик кызматтарынын сапатын жана жагымдуулугун жогорулатуу;
- транспорттук жана коммуникациялык инфратүзүмдү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- жашоочуларга консалтингдик, билим берүүчүлүк жана уюштуруучулук кызматтарды, ошондой эле ар кыл тектеги кызмат көрсөтүүгө, элдик кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүгө жана этносувенирлерди, кийимдерди ж.б. өндүрүүгө байланышкан долбоорлорду микронасыялоо кызматтарын сунуштоо аркылуу жергиликтүү калктын туристтик кызмат көрсөтүү процесстерине толугураак тартылуусу үчүн шарттарды өнүктүрүү [1; 4].

Жергиликтүү калкты туристтик кызмат көрсөтүү процесстерине толугураак тартуу үчүн Коммуникация, маалымат жана туризм министрлигинин Туризм департаментинин, Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин жана эл аралык уюмдардын колдоосу жана кызматташтыгы менен жергиликтүү жамааттар үчүн жергиликтүү туристтик бизнес-долбоорлорду түзүү жана каржылоо боюнча өтүнмөлөрдү берүү маселелери боюнча окутуучу курстарды өткөрүүнү уюштуруу; жыл сайын курчап турган чөйрөнү коргоо менен туризмди өнүктүрүүнүн өз ара байланышы боюнча окутуучу семинарларды өткөрүп туруу; ошондой эле жергиликтүү жашоочулардын арасынан гиддерди даярдоону уюштуруу.

Эгер туристтик тармакты өнүктүрүү боюнча күтүлгөн иш-чаралар ишке ашырылса, анда туристтер агымы 20%га чоңоюшу; туристтик тейлөөнүн сапатынын жогорулашы; учурдагы туристтик объектилердин сакталышы жана жаңы туристтик өнүмдөрдүн түзүлүшү, туристтик ишмердиктен кирешелердин 25%га өсүшү мүмкүн [7].

**Адабияттар:**

1. Айылдык туризм. Автордук коллектив, -Б.: 2023. – 122 б.

2. Бекбоева, М.А. Кыргыз Республикасынын туристтик базарын өнүктүрүү. Бишкек: Аракент-Принт, 2015. - 452 б.

3. Мамстатистиканын Нарын облустук башкармалыгынын 2018-2022 жылдары үчүн маалыматтары

4. Нарын облусун 2022-2026-жылдарга өнүктүрүү программасы. Нарын, 2022. - 48 б.

5. Кыргыз Республикасынын өнүгүү мезгилине стратегиясы 2018-2040 жж; Жол Картасы - алкактык документ. НСР КР на период 2018-2040 гг. Дорожная карта – рамочный документ [Текст]: стат. сб. – Б.: Нацстатком Кырг. Респ., 2017. – 150 б.

6. Режим доступа: htpp://www.stat.kg

7. Режим доступа: htpp://www.deptourism.gov.kg